***Орозбаева Айнура Абдазовна,***
***ага окутуучу,***
***Ош гуманитардык-педагогикалык университети,***
***Кыргыз Республикасы, Ош шаары***

# КОМПЬЮТЕРДИК САБАТТУУЛУК – БИЛИМ БЕРҮҮНҮ САНАРИПТЕШТИРҮҮНҮН НЕГИЗИ

***Орозбаева Айнура Абдазовна,***
***старший преподаватель,***
***Ошский гуманитарно-педагогический университет,***
***Кыргызская Республика, город Ош***

# КОМПЬЮТЕРНАЯ ГРАМОТНОСТЬ – ОСНОВА ЦИФРОВИЗАЦИИ ОБРАЗОВАНИЯ

***Orozbayeva Ainura Abdazovna,***
***Senior Lecturer,***
***Osh Humanitarian Pedagogical University,***
***Osh city, Kyrgyz Republic***

# COMPUTER LITERACY IS THE BASIS FOR DIGITALIZATION OF EDUCATION

***Аннотация:*** *Кыргызстанда санариптик трансформациянын улуттук программасы кабыл алынды. Бул программа адамдын жашоосун жакшыртууга багытталган, күчтүү коомду түзүүнү максат коет. Улуттук программа адамдын потенциалын жана баалуулуктарын өнүктүрүүнү көздөйт. Бул максатка жетүү үчүн алгач адамдын баштапкы сабаттуулуктарын калыптандыруу зарыл. Мындай сабаттуулук болуп компьютердик сабаттуулук эсептелет. Макалада компьютердик сабаттуулуктун маңызы, анын компоненттери жана аны калыптандыруунун айрым маселелери каралган. Маалыматтык технология багытында изилдөөчүлөрдүн ушул маселе боюнча көз-карашы, бул түшүнүктүн ар түрдүүлүгү талданат. Окуучулардын компьютердик сабаттуулукка ээ болуусу алардын кийинки баскычтагы маалыматтык, санариптик сабаттуулуктарын калыптандырууга зор өбөлгө түзөт.*

***Аннотация:*** *В Кыргызстане принята Национальная программа цифровой трансформации. Эта программа нацелена на улучшение жизни человека, на создание сильного общества. Национальная программа направлена на развитие потенциала и ценностей человека. Для достижения этой цели необходимо сформировать исходную грамотность человека. Таким является компьютерная грамотность. В статье рассмотрены вопросы о сущности компьютерной грамотности, об ее компонентах и особенностях ее формирования. Анализируется точки зрения ученых по данному вопросу, о разнообразии данного понятия. Формирование компьютерной грамотности у учащихся составляет предпосылку для формирования у них информационной, цифровой грамотности.*

***Annotation:*** *Kyrgyzstan has adopted a national digital transformation program. This program is aimed at improving human life and creating a strong society. The national program is aimed at developing human potential and values. To achieve this goal, it is necessary to form the initial literacy of a person. This is computer literacy. The article discusses questions about the essence of computer literacy, about its components and features of its*

*formation. The point of view of scientists on this issue, on the diversity of this concept is analyzed. The formation of computer literacy among students is a prerequisite for the formation of information, digital literacy in them.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *санариптик коом, туруктуу өнүгүү, маалыматтык технологиялар, компьютердик сабаттуулук, маалыматтык сабаттуулук.*

***Ключевые слова***: *цифровое общество, устойчивое развитие, информационные технологии, компьютерная грамотность, информационная грамотность.*

***Key words***: *digital society, sustainable development, information technology, computer literacy, information literacy.*

**Киришүү.** Азыркы күндө билим берүүнүн сапатын арттырууга өзгөчө көңүл бурулууда. Билим берүүнүн эффективдүүлүгү адам капиталынын сапатына жараша, глобалдык чакырыктарга каршы турууга адамдын даярдыгына жараша болмокчу. Кыргыз Республикасында социалдык-экономикалык өнүгүүнүн учурдагы абалы улуттук билим берүү системасын өркүндөтүү зарылдыгын белгилейт. Билим берүү мекемелериндеги окутуу процессинин сапаты аны уюштурган педагогикалык адистердин кесиптик чеберчилигинен көз каранды экени маалым. Кесипкөй адис окутуу процессин сапаттуу уюштура алат. Ошондуктан педагогикалык кадрлардын жаңы технологиялар, методикалар менен камсыз болуп турушу маанилүү зарылдыкка айланды. Азыркы күндө коомдо дагы, билим берүүдө дагы эң актуалдуу болуп жаткан маселе – бул санариптештирүү. Республикада кабыл алынган санариптештирүү концепциясы ар бир жарандын санариптик жаранга айланыш зарылдыгын белгиледи. Демек, билим берүүнү санариптештирүү маселеси жаш муундарды санариптик жаранга тарбиялоого карата тиешелүү иш-аракеттерди көрүү маселесин шарттайт. Санариптештирүү проблемасынын маңызын иликтөөдө ага тектеш болгон түшүнүктөргө көңүл бөлүү, алардын бири-бирине кошуучу салымдарын аныктап чыгуу маанилүү. Санариптештирүү эң алды менен эле, компьютердик технологияны натыйжалуу колдонууну талап кылат. Бул болсо, билим алуучунун компьютердик сабаттуулугун калыптандыруунун маанилүү экенин далилдейт.

**Изилдөөнүн максаты.** Билим берүүнү санариптештирүүдөгү компьютердик сабаттуулуктун ролун аныктоо.

**Изилдөөнүн методдору**. Изилдөөдө жалпы илимий методдордун ичинен салыштыруу, анализдөө, жалпылоо, тарыхый жана логикалык методдор колдонулду. Салыштыруу жана анализдөө илимий методдору «компьютердик сабаттуулук» түшүнүгүнүн маанисин, анын түрлөрүн чечмелөөдө, бул түшүнүккө аныктама беришкен окумуштуулардын эмгектерине талдоо жүргүзүүдө, алардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын иликтөөдө колдонулду. Жалпылоо илимий методу компьютердик сабаттуулуктун түрлөрүн тактап чыгууда пайдаланылды. Тарыхый метод компьютердик сабаттуулук түшүнүгүнүн өнүгүү хронологиясын иликтөө аракетинде колдонулду. Мында компьютердик сабаттуулуктун маңызын изилдөөгө өз эмгектерин арнашкан советтик окумуштуулардын XX кылымдын 80-жылдардагы эмгектери, кийинки, XX кылымдын 90-жылдарында XXI кылымдын башында жарык көргөн эмгектер иликтөөгө алынды. Логикалык методду колдонуу аркылуу компьютердик сабаттуулуктун ролу, анын санариптик сабаттуулукту калыптандырууга кошкон салымы иликтөөгө алынды.

**Негизги мазмуну. «Компьютердик сабаттуулук» түшүнүгүнүн маңызы**. Маалыматтык коомду курууда, санариптик трансформация программасын жүзөгө ашырууда алгачкы кадам болуп окуучулардын компьютердик сабаттуулуктарын калыптандыруу эсептелет. 1984-жылы кабыл алынган «Жалпы билим берүүчү жана кесиптик мектепти реформалоонун негизги багыттары» аттуу СССР Жогорку советинин жыйынында билим берүү системасын компьютерлештирүү маселеси күн тартибине коюлуп, алгачкы жолу мектепте информатика предметин окутуу чечими кабыл алынган. Муну менен катар «Компьютердик

сабаттуулук» түшүнүгү пайда болуп, анын маңызы жана структуралык курамы тууралуу изилдөөлөр, методикалык багыттагы ой пикирлер пайда боло баштаган. Адегенде «компьютердик сабаттуулук» түшүнүгүнүн мааниси жөнөкөй көз караштa болуп, анын элементтери катары электрондук эсептөөчү техниканын архитектурасы, бул сабаттуулуктун белгиси катары ЭЭМди эң жөнөкөй иш-аракеттерди жасоо үчүн колдонуу мүмкүнчүлүгү кирген. Бирок бара-бара компьютерлердин жаңы мүмкүнчүлүктөрү пайда боло баштаганда, бул түшүнүктүн мазмуну да кеңейди. XX кылымдын аягында компьютердик сабаттуулук түшүнүгүнүн мазмуну системалык мүнөзгө ээ болуп, жаңы маалыматтык технологиялар түшүнүгүн камтый баштаган. Азыркы күндө компьютердик сабаттуулук билим берүүнү маалыматташтыруунун, коомду санариптештирүүнүн негизин түзөт деп айтууга негиз бар.

Өткөн кылымдын 80-жылдарында академик А.П. Ершов «компьютердик сабаттуулук» түшүнүгүнүн маанисин чечмелөөгө аракет кылган. Анын эмгектеринде компьютердик сабаттуулук эсептөө техникасынын жана программалоо тилдеринин негиздерин билүү деп аныкталган [1]. Кийинчерээк, башка окумуштуулар да компьютердик сабаттуулуктун мазмунун аныктоого аракет кылышкан. Г.К. Селевко бул багытта бир топ жемиштүү иштерди жасаган. Анын пикири боюнча, компьютердик сабаттуулук түшүнүгүнүн мазмунуна [2] төмөнкүлөр кирет:

- информатика жана компьютердик технологиялар жөнүндө негизги түшүнүктөрдү, компьютердик технологиянын фундаменталдык структурасын, заманбап программалык жабдылыштарды билүү;
- каалаган тексттик редактордо иштей билүү;
- колдонмо программаларын колдонуунун алгачкы тажрыйбасына ээ болуу, программалоо пакеттерин алгачкы түшүнүү.

Кыргыз окумуштуусу Т.Р. Орускулов «компьютердик сабаттуулук» түшүнүгүн төмөнкүчө чечмелеген: компьютердик сабаттуулук өзүнө маалыматтык техникага жана технологияга, компьютерге жана алардын потенциалына, мүмкүнчүлүктөрүнө таянуу менен профессионалдык маселелерди чечүүнү, компьютер менен баарлашуунун билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн калыптандырууну камтыйт [3].

У.Ү. Бейшеналиева окуучулардын үч деңгээлдүү сабаттуулугун камсыз кылууну сунуштаган [4]. Мындагы биринчи деңгээл – бул компьютердик сабаттуулук. Автордун пикири боюнча, компьютердик сабаттуулук – бул компьютер менен баарлашуу билгичтиги; жөнөкөй программаларды түзө алуу; компьютердин түзүлүшү жана иштөө принциптери, колдонуу областтары тууралуу түшүнүккө ээ болуу.

К.А. Зулпуева башталгыч класстын окуучулары компьютердик сабаттуулукка ээ болуусу зарыл, бул – учурдун талабы, – деп эсептейт. Окуучулардын компьютердик сабаттуулугун камсыз кылуу кадимки «сабаттуулук» түшүнүгүнүн алгачкы көрсөткүчү болгон окуу, жазуу жана саноо билгичтигине балдар толук ээ болмойунча ийгиликтүү ишке ашпайт. Компьютерде иштөөгө үйрөтүү жана окутуу ошол жогоруда белгиленген сабаттуулуктун алгачкы негиздеринен, б.а. компьютердик сабаттуулуктан башталат [5].

**Компьютердик сабаттуулуктун түрлөрү.** Окумуштуулар компьютердик сабаттуулуктун түрлөрүн аныктоого аракет кылышкан [2; 5; 6]. Алардын ой-пикирлерин жалпылоодо компьютердик сабаттуулукка жетишүүнүн төмөнкүдөй үч түрүн бөлүп көрсөтүүгө мүмкүн болду.

*А) Үй тиричилигиндеги компьютердик сабаттуулук.* Компьютердик сабаттуулуктун бул түрү күнүмдүк турмушта компьютерди кеңири колдонуу зарылдыгын белгилейт: ар кандай үй эмеректерине орнотулган микропроцессорлор, тейлөө чөйрөсүн автоматташтыруу. Адамдар үй компьютерлерин колдоно алышат. Бул үчүн талап кылынган «сабаттуулук» – бул компьютерди колдонуу боюнча практикалык көндүмдөргө ээ болуу.

*Б) Кесиптик компьютердик сабаттуулук.* Кесиптердин санынын көбөйүшү эсептөө технологиясын колдонуу менен дагы байланыштуу, бирок ар кандай

кесиптерде мындай колдонуунун мүнөзү ар башкача. Мектеп мындай сабаттуулукту камсыз кылууда маанилүү ролду ойной алат. Биринчиден, көптөгөн мектеп окуучулары эмгекке тарбиялоонун алкагында, компьютер менен иштөөгө байланышкан жана орто билимге негизделген массалык кесиптерди өздөштүрүшөт. Экинчиден, таланттуу мектеп окуучуларын информатика жана компьютердик технологиялар жаатында андан ары адистешүү үчүн тандап алууга жана окутууга өзгөчө көңүл буруу керек, анткени коомду маалыматташтыруу массалык сабаттуулукту гана эмес, илимий жана инженердик кадрлардын деңгээлин жогорулатуу талаптарын коет.

*В) Компьютерди интеллектуалдык курал катары өздөштүрүү.* Компьютерлер көптөгөн адамдар үчүн ар кандай маалыматка жетүү, тексттерди, сүрөттөрдү жана үн сүрөттөрүн, жеке маалыматтар банкын түзүүнүн каражаты болуп эсептелүүдө. Буга санариптик технология дагы өз кызматын көрсөтүүдө. Керектүү компьютердик сабаттуулуктун калыптанышы компьютерди ой жүгүртүүнүн жана эс тутумдун алкагында ар кандай маселелерди чечүү үчүн колдонууга мүмкүн болгон сырткы органына айланышын шарттайт. Мектепте информатика курсу үчүн окуу процессин уюштурууда биринчи кезекте ушул жагын эске алуу керек.

**Билим берүүнү санариптештирүүдө компьютердин орду.** Окуучулардын компьютердик сабаттуулугун калыптандыруу маселеси учурда абдан актуалдуу. Ал окуучунун маалыматтык компетенттүүлүгүн, андан кийин анын санариптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун негизин түзөт [7; 8]. Компьютердик сабаттуулукту калыптандыруу маанилүү талап катары Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты, «Санарип Кыргызстан» санариптик трансформациянын Концепциясы коюуда.

Санариптештирүү адамга керектүү маалыматты санариптик формага айландырат, бул болсо, санариптик технологиялар менен иш алып барууда адам үчүн ыңгайлуулукту жаратат. Мындай маалыматтар адамдын ишмердүүлүгүнүн ар кандай областтарында эффективдүү колдонулат жана анын жаңы коммуникативдик, таанып билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн пайда кылат. Мындай мүмкүнчүлүктөрдү жаратуу менен бирге, санариптештирүү адамдын жаңы – санариптик, технологиялык чөйрөсүн түзүп берет. Бул чөйрөдө, албетте, санариптик технологиянын өркүндөтүлгөн түрлөрү (смартфон, планшет, тиркемелер ж.б.) колдонулат. Бирок алардын ичинен эң жөнөкөй катары эсептелип калган технология – бул компьютердик технология. Жогорудагы авторлор белгилеп кеткендей, адамдар адегенде компьютердик технологиялар менен баарлашууну ийгиликтүү өздөштүрө алышса, анда башка технологиялар менен баарлашууну да тез аранын ичинде өздөштүрө алышат. Экинчиден, көпчүлүк учурда санариптик технологиянын иштөө принциптери компьютердин иштөө принциптери менен окшош. Демек, компьютердик технологияны өздөштүрүү аркылуу калган технологияларды өздөштүрүүгө жол ачылат. Ошондуктан окуу жайларында маалыматтык билим берүү чөйрөсүн түзүү жана өркүндөтүү проблемасы адегенде компьютердик сабаттуулукту, андан кийин удаалаш түрдө маалыматтык сабаттуулукту, анан барып санариптик сабаттуулукту өздөштүрүү маселесин камтышы зарыл. Үчүнчүдөн, компьютердик технологиянын өзү улам жакшыруунун, жаңылануунун үстүндө болууда. Улам кийнки муундагы компьютерлер маалыматты сактоо көлөмү жагынан, иштөө тездиги жагынан, кошумча түзүлүштөрдү камтуусу жагынан жакшыруунун үстүндө болууда. Бул жагдай электрондук окутууну жана окутуу ресурстарынын ар кандай түрлөрү менен иштөө принциптерин бат өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт [9; 10; 11].

**Корутунду**. Билим берүүнү санариптештирүү келечекте пайда болуучу жаңы адистиктерди ачууга, бул багытта адистерди даярдоого карата муктаждыктарды жаратат. Бул жагдай окутуу процессин жаңыча уюштурууну, билим алуучунун ролун жогорулатууну шарттайт. Билим берүү мекемелери жаңы маалыматтык техноло-

гиялар, жаңы программалык жабдылыштар менен камсыз болуусу зарыл. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Улам барган сайын онлайн окутуунун ролу жогорулайт, билим алуучуларга ар кандай форматтагы электрондук окуу ресурстары менен иштөөгө туура келет. Демек, билим алуучулардын жана кызматкерлердин компьютердик сабаттуулуктарын калыптандыруу маселеси өз актуалдуулугун жоготпойт деген ойду айтууга болот. Компьютердик сабаттуулук компьютердик технологиянын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалана билүүнү шарттайт. Бул билимдер жана билгичтиктер билим берүүнү санариптештирүүгө жол ачат. Компьютердик сабаттуулукка ээ болгон окуучу санариптик технологиянын иштөө принциптерин тез өздөштүрө алат. Демек, компьютердик сабаттуулук билим берүүнүн санариптештирүүдө негизги ролду ойнойт.

**Адабияттар:**


1. Ершов А.П. Концепция информатизации образования // Информатика и образование. – М., 1988. – № 6. – С. 4-8.
2. Селевко Г.К. Современные образовательные технологии: учебное пособие. – М., 1998. – 256 с.
3. Орускулов Т.Р. Особенности формирования основных понятий информатики у учащихся в киргизской школе: дисс. канд. пед. наук. – М., 1991. – 172 с.
4. Бейшеналиева У.У. Мультимедиа технологияларынын негизинде студенттердин маалыматтык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары: пед. илим. канд. ... дисс. – Бишкек, 2014. – 180 б.
5. Зулпуева К.А. Башталгыч мектептин окуучуларынын компьютердик сабаттуулуктарын калыптандыруунун технологиясы: пед. илим. канд. ... дисс. – Бишкек, 2019. – 187 б.
6. Компьютерная грамотность обучающихся: понятие, содержание [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://studfiles.net/preview/6458983/page:4/
7. Калдыбаев С.К., Орозбаева А.А. Санариптик сабаттуулуктун ролу жана мааниси // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2020. – № 2 (2). – С. 44-51.
8. Бейшеналиева У.Ү., Калдыбаев С.К. Информационная компетентность и ее роль в процессе подготовки специалистов // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2019. – № 3. – С. 10-25.
9. Касымалиев М.У. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде электрондук мектепти киргизүүнүн артыкчылыктары // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – Бишкек, 2020. – № 1 (50). – С. 132-136.
10. Ибирайым кызы А. Информатиканы электрондук окутууда мугалимдин окуучулардагы компетенттүүлүктөрдүн калыптанышын диагноздоо маданияты // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – Бишкек, 2020. – № 2 (51). – С. 123-129.
11. Калдыбаев С., Онгарбаева А. Вопросы создания электронных образовательных ресурсов // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2018. – № 1. – С. 44-51.


***Рецензиялаган:***
***Калдыбаев С.К.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***